DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Капарова Г.Т.*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАКТАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНӨ НЕГИЗГИ ФАКТОРЛОРДУН ТААСИРИ

*Капарова Г.Т.*

## ВЛИЯНИЕ ОСНОВНЫХ ФАКТОРОВ НА СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКОЕ РАЗВИТИЕ РЕГИОНОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*G.T. Kaparova*

## INFLUENCE OF THE MAIN FACTORS ON THE SOCIO-ECONOMIC DEVELOPMENT OF THE REGIONS OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 338.57.04 (575.2)*

*Макала экономикалык мүнөздөмөлөрүн изилдөө максатында Кыргыз Республикасынын региондорунун учурдагы өнүгүү абалына таасир этүүчү факторлорду изилдөөгө арналган. Өлкөнүн өнүктүрүүнүн көп жагынан анын жаратылыштык ресурстарына негизделген тармактарында турган негизги артыкчылыктары белгиленди. Автор өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү анын аймактарынын туруктуу өнүгүүсүнүн негизинде гана ишке ашуусу мүмкүн деген ойду карманат. Аймактардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлөрдү аныктоо максатында алардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн өнөр жайынын жана айыл чарбасынын продукцияларын дүң чыгаруунун көлөмү сыяктуу негизги көрсөткүчтөрүнө талдоо жүргүздү. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын 2018-2020-жылдар аралыгындагы аймактык саясатынын концепциясында көрсөтүлгөн негизги багыттардын ишке ашуусунун абалына баа берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *региондор, социалдык-экономикалык өнүгүү, аймактык дүң продукт, аймактык саясат, өнөр жайы, айыл чарбасы.*

*Статья посвящена исследованию факторов влияющих на современное состояние развития регионов Кыргызской Республики, с целью изучение экономических особенностей и возможностей устойчивого развития регионов Кыргызской Республики по отраслям. Выялены основные преимущества развития страны, которое во многом заключается на отраслях, основанных на природных ресурсах страны. Отсутствие конкурентоспособности в друних отраслях указывает на важность улучшения базовых промышленных условий в стране. Автор констатирует то, что устойчивое развитие страны возможно только при устойчивом развитии ее регионов. В целях выявления проблем, проведен анализ по такими основными показателями социально-экономического развития регионов, как объем выпуска валовой продукции промышленности и сельского хозяйства. Также дана оценка реализации направлений, указанных в Концепции региональной политики Кыргызской Республики на период 2018-2022 годов.*

***Ключевые слова:*** *регионы, социально-экономическое развитие, валовый региональный продукт, региональная политика, промышленность, сельское хозяйство.*

*The article is devoted to the study of factors affecting the current state of development of the regions of the Kyrgyz Republic in order to study the economic characteristicsю the main advantages of the country's development, which in many respects lies in the industries based on the country's natural resources, have been identified. The lack of competitiveness in other sectors indicates the importance of improving the basic industrial conditions in the country. The author states that the sustainable development of the country is possible only with the sustainable development of its regions. In order to identify problems, an analysis has been carried out on such main indicators of the socio-economic development of regions as the volume of gross industrial and agricultural output. An assessment of the implementation of the directions specified in the Concept of Regional Policy of the Kyrgyz Republic for the period 2018-2022 was also given.*

***Key words:*** *regions, socio-economic development, gross regional product, regional policy, industry, agriculture.*

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы кирешени төмөн жана орточо деңгээлиндеги мамлекеттердин тобундагы туруктуу өнүгүп жаткан өлкө болуп саналуу менен 2011-жылдан тартып бир далай жакшы экономикалык өсүүгө ээ. Бирок бул өсүү өлкөнүн эл чарбасындагы ири өзгөртүп түзүүлөр жана жетишкендиктер менен камсыз кылынган эмес, ал көбүрөөк негизинде жашоосун камсыз кылуу үчүн учурда жеткиликтүү болгон каражаттардын, көбүнчө чет өлкөдө иштөө менен акча табуу каалоосу болгон өлкөнүн жарандарынын өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп саналат. Коомдук жана экономикалык жагдайларда салыштырмалуу туруктуулук орун алган, бирок калктын жашоосу дагы деле төмөн деңгээлде калууда.

Ачык экономикалуу анча чоң эмес өлкө болуу менен Кыргызстандын эл аралык экономикалык тутумдагы учурдагы позициясы төмөнкүлөрдү көрсөтүүдө: өлкөнүн артыкчылыгы өлкөнүн жаратылыштык ресурстарына – агроөнөржайы үчүн жерге, гидроэнергетикада иштетилүүчү суу ресурстарына жана металлургия тармагында иштетилүүчү алтынга негизделген тармактарда турат, бирок мында өлкөбүз натыйжалуулугу олкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды кайра иштетүү өнөр жайынын башка тармактарында аз артыкчылыкка ээ. Ресурстук секторлордон башка кайра иштетүү өндүрүшү секторлорунда дээрлик бардык багыттар боюнча атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жоктугу жалпы пайдалуулукту, ийгиликке жана кеңейүүгө болгон шанстарды,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



өлкөнүн инвестициялар үчүн жагымдуулугун жогорулатуу үчүн өлкөдөгү базалык өнөр жай шарттарын жакшыртуунун маанилүүлүгүн белгилейт. Мамлекеттик башкаруудагы ачык-айкындуулуктун жоктугу жана анын натыйжалуу эместиги бизнес жараяндардын натыйжалуулугуна жана өлкөнүн экономикасынын эл аралык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизүүдө [1, 9-б.].

Каалагандай эле өлкөнүн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын да туруктуу өнүгүүсү калкынын жогорураак жашоо сапаты менен мүнөздөлгөн анын аймактарынын туруктуу өнүгүүсү болгон учурда гана орун алуусу мүмкүн. Биздин макаланын максаты болуп Кыргыз Республикасынын аймактарынын тармактары боюнча туруктуу өнүгүүсүнүн экономикалык өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө саналат. Коюлган бул максатка жетүү үчүн бизге аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүү көйгөйлөрүн издеп табууга жардам берген талдоону жүргүздүк.

Акыркы жылдар аралыгында КРнын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын аймактарын өнүктүрүүгө багытталган көптөгөн чаралар кабыл алынган. Бул багыттагы негизги иш-чаралардын бири катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 31-мартындагы №194-Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2018-2022-жылдар аралыгындагы аймактык саясатынын Концепциясын эсептөөгө болот. Ал анык аймактарды жана калктуу пункттарды орто мөөнөттү мезгилге жана узак мөөнөттүү келечекке өнүктүрүүнүн деталдаштырылган программаларын даярдоо үчүн базистик конструкцияны түптөө максатында иштелип чыгылган. Аймактык саясаттын негизги максаты болуп өз ичине өнүгүү борборлорун жана тиешелүү айыл аймактарын камтыган таяныч чөлкомдөрдүн өнүгүүсүнө фокустук кол кабыш кылуу аркылуу калктын байгерчилигин жана жашоо сапатын жогорулатуу үчүн республиканын аймактарынын тездетилген социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу саналат [2, 1-б.].

Бул максатка жетүү үчүн аталган Концепцияда белгиленген убакытта чечүү зарыл болгон төмөнкү негизги милдеттер түптөлгөн:

- чөлкөмдүк ресурстардын негизги түрлөрүн – жаратылыштык, адамдык, инфратүзүмдүк, маданий, экономикалык ресурстарды көбөйтүп өндүрүү;
- бирдиктүү экономикалык рынокторду, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу, бирдиктүү инфратүзүмдү кармоо, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү аркылуу аймактарды интеграциялоо;
- өнүгүү борборлоруна ээ болушкан таяныч чөлкөмдөрдү алар үчүн инвестициялык жагымдуулугун жана жалпы ишмердик климатты жогорулатуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү менен түптөө;
- аймактарды өнүктүрүүгө аларды адистештирүү жолу менен дем берүү механизмдерин киргизүү, экономикалык жактан атаандаштыкка жөндөмдүү кластерлерди түптөө, инвестициялык долбоорлорду, анын ичинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн (мындан ары – МЖӨ) алкагындагы долбоорлорду ишке ашыруу;
- болочок өнүгүүнү түптөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында аймактардын потенциалын көбөйтүү, аны ишеке ашыруу, өнүгүү булактарын жана механизмдерин издөө;
- ар бир башкаруу объектин өнүктүрүүгө болгон жеке ыктоолорду түптөө;
- аймактарда жана чөлкөмдөрдө улуттук коопсуздукту (коопсуздуктун аскердик, экономикалык, өзгөчө кырдаалдардагы, экологиялык, маалыматтык ж.б. түрлөрү) камыз кылуу механизмдерин интеграциялоо [2, 2-б.].

“Аймак” түшүнүгүнө кыскача токтолуп өтөлү. “Аймак” түшүнүгү саясий аспекттүү түшүнүктөргө кирет. Анын маңызын аныктоо олуттуу даражада контекстинде аймактар каралган позициядан жана максаттан көз каранды. Бүтүндөй алганда аймакты жаратылыштык-географиялык, экономикалык ж.б. өзгөчө белгилеринин комплекси менен мүнөздөлгөн территориянын бөлүгү катары түшүнүшөт [3, 3-б].

Республиканын эгемендүүлүк жылдары ичинде башкарууну борбордон качырууга жана аймактарды күчөтүүгө багытталган саясаттын жүргүзүлгөндүгүнө карабастан, өлкөнүн экономикалык жана саясий борборуна каржы жана адам ресурстары менен кошо бардык ресурстардын топтолуусуна алып келген жараяндар болуп жатты [1, 4-б.].

Түйштүк аймактарда КР нын калкынын жарымынан көбү жашайт, бирок бул аймактардын республиканын экономикасына кошкон экономикалык салымдары төмөн – өлкөнүн ИДП нын 30%дан төмөн бойдон калууда. Бул абал түштүк аймактардын өнүгүүдө артта калганы жөнүндө кабарлайт.

Бүткүл өлкөнүн ИДП нын 60%га жакыны республиканын түндүгүндө өндүрүлөт. Өнөр жай тармагы негизинен Бишкек шаарында, Чүй, Ыссык-Көл, Жалал-Абад областтарында топтолгон. Мындай жагдай башка аймактардын экономикасын аярлуу кылуу менен Чүй областынын жана Бишкек шаарынын экономикасынан көз каранды болуу абалына кептөөдө.

Кыргыз Республикасынын аймактарынын 2019-жылдын аягына карата негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүн талдап көрөлү (1-табл.).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*1-таблица*

**Кыргыз Республикасынын аймактарынын негизги мүнөздөмөлөрү [4]**

| | Баткен обл. | Жалал-Абад обл. | Ысcык-Көл обл. | Нарын обл. | Ош обл. | Талас обл. | Чүй обл. | Бишкек шаары | Ош шаары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Туруктуу жашаган калкынын саны (жыл аягына карата), миң адам | 537,3 | 1238,8 | 496,1 | 289,6 | 1 368,1 | 267,4 | 959,8 | 1 053,9 | 312,5 |
| Аймактык дүң продукт (АДП), млн. сом | 18 334,5 | 66 971,7 | 67 232,8 | 14 069,9 | 42 540,5 | 14789,9 | 83 075,2 | 230 006,8 | 32 364,6 |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү, млн. сом | 2 970,5 | 28 885,6 | 63 042,1 | 2 732,9 | 10 367,9 | 1 544,3 | 125 068,7 | 39 275,8 | 4 677,2 |
| Айыл чарба, токой чарба, балык чарба продукцияларын дүң өндүрүү, млн. сом | 15 774,3 | 41 919,7 | 25 301,3 | 14 332,5 | 41 735,9 | 19889,2 | 59 515,9 | 484,7 | 1 013,2 |
| Негизги капиталга болгон инвестициялардын көлөмү, млн. сом | 3 770,5 | 24 356,4 | 26 074,2 | 4 891,1 | 6 321,3 | 6 957,4 | 22 018,2 | 61 829,0 | 5 572,7 |
| Турак-жай үйлөрүнүн жалпы аянтын ишке киргизүү, миң кв. м | 71,7 | 192,9 | 85,9 | 37,6 | 188,7 | 48,2 | 168,1 | 242,1 | 65,4 |
| Түз чет өлкө инвестицияларынын келүүсү (чыгууларды эсепке албаганда), млн. АКШ долл. | 11,4 | 255,4 | 259,2 | 0,2 | 3,5 | 0,0 | 175,7 | 371,1 | 0,4 |
| Дүң жана чекене сооданын жүгүртүүсүнүн, автоунааларды, мотоциклдерди оңдоонун жалпы көлөмү, млн. сом | 15 017,8 | 67 541,4 | 21 278,8 | 8 462,2 | 44 256,2 | 16106,6 | 79 534,4 | 279 947,1 | 53 852,3 |
| Мейманканалар, ресторандар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү, млн. сом | 1 032,9 | 3 215,5 | 1 103,4 | 89,3 | 1 180,1 | 296,1 | 1 569,5 | 14 338,4 | 2 720,3 |
| Керектөөчүлүк баалардын индекси (өткөн жылдын декабрга карата % менен) | 106,3 | 103,3 | 104,1 | 102,5 | 102,6 | 102,6 | 102,6 | 103,0 | 102,3 |
| Ишканалардын жана уюмдардын сальдолоштурулган каржылык жыйынтыгы (пайда минус зыян), млн. сом | -364,6 | 2 865,8 | 18 263,3 | -3,2 | 2 843,1 | -623,6 | 94,2 | 25 773,8 | 1 827,4 |
| Окуучулар саны, миң адам: - жалпы билим берүү уюмдарында | 113,8 | 250,1 | 104,0 | 64,4 | 255,1 | 58,8 | 203,8 | 186,4 | 75,1 |
| - жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында | 5,8 | 9,5 | 2,8 | 3,2 | - | 1,7 | 3,7 | 108,2 | 48,9 |
| Калктын 10000 адамга туура келген врачтардын саны | 16,2 | 13,6 | 15,2 | 12,9 | 16,7 | 12,0 | 14,4 | 26,7 | 28,9 |


***Булагы*:** Кыргызстан сандарда. Жылдык статистикалык жыйнак. 2020.

Таблицанын маалыматтарынан көрүнүп тургандай, калкынын саны боюнча биринчи орунду Ош, андан кийин Жалал-АБад областы жана анын соңунан Бишкек шаары ээлейт.

Кээ бир негизги көрсөткүчтөрдү кеңирирээк карап көрөлү. Албетте, чөлкөмдүк дүң продуктунун көлөмү боюнча эң чоң маани Бишкек шаарына, ал эми эң азы – Нарын областына таандык (1-сүрөт).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557






**1-сүрөт**. 2019-жылдагы аймактык дүң продукттун көлөмү, млн. сом.

Кезектеги сүрөттөн биз өнөр жайынын өндүрүлгөн продукциясынын салыштырмалуу динамикасын көрө алабыз (2-сүрөт).




**2-сүрөт.** Аймактар боюнча өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү.

Сүрөттөгү маалыматтар өнөр жай өндүрүшү негизинен Чүй, Ыссык-Көл, Жалал-Абад областтарында жана Бишкек шаарында топтолгондугу жөнүндөгү биз башта айткан оюбузду тастыктап турат. Мындан өлкөбүздүн башка аймактары негизинен айыл чарба продукциясын өндүрүүгө багытталган деген тыянак чыгарууга болот.

Аймактардагы айыл чарба продукциясын дүң өндүрүүнүн динамикасын 3-сүрөттүн маалыматтарынан көрүүгө болот.




**3-сүрөт**. Аймактар боюнча айыл чарба, токой чарба жана балык чарба продукцияларын дүң өндүрүүнүн көлөмү.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



3-сүрөттөгү маалыматтар шарттын жоктугуна карабастан, айыл чарба продукциясы Бишкек жана Ош шаарларында да өндүрүлүп жатканын көрсөтөт. Айыл чарба продукциясын дүң чыгаруунун көлөмү мында тиешелүү түрдө дээрлик жарым миллиард сомду жана 1013,2 млн. сомду түздү. Албетте, бул продукция мында шаарлардын калкынын өздүк көмөкчү чарбаларында өстүрүлгөнү анык.

Областтар боюнча маалыматтар айыл чарба продукциясын өстүрүүдөгү Чүй областынын лидерлик позициясын көрсөтөт. Анын артынан Жалал-Абад областы жана андан бир аз артта Ош областы келет. Бул областтарда айыл чарба продукциясынын жалпы көлөмүнүн тиешелүү түрдө 27,1%ы, 19,1%ы жана 18,9%ы өндүрүлгөн.

Жүргүзүлгөн талдоолордун жыйынтыктары өлкөдө аймактарды өнүктүрүүгө багытталган натыйжалуу консолидацияланган жана комплекстүү ыктоонун жоктугун, калктын социалдык абалын жакшыртуунун жана өнүктүрүүнүн көптөгөн маселелери натыйжасыз чечилип жатканын күбөлөндүрөт.

Аймактык саясат Концепциясынын кабыл алынган күнүнөн үч жыл убакыт өттү. Бирок аймактарды өнүктүрүү боюнча анда көрсөтүлгөн көйгөйлөр дагы деле актуалдуу боюнча калууда, анткени алар эмдигиче аягына чыгарылган жок. Биздин оюбузча Концепцияда өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө карата болгон тармактык жана долбоорлук ыктоолорго көп көңүл бурулган. Жүктүн баарын жана бүткүл жоопкерчиликти мамлекет өз мойнуна алгандай, б.а. аймактарды өнүктүрүүдө кайрадан эле борборлоштурулган саясат колдонулууда. Өнүктүрүүнүн аймактык жана тармактык стратегиялык пландарын талдап көрө турган болсок, анда азыркы Өкмөт тарабынан аймактарды өнүктүрүүгө каратылган учурдагы ыктоо, эгерде ага аймактардын өздөрүнүн каржылык, экономикалык ж.б. мүмкүнчүлүктөрүн аралаштырбай турган болсок, анда күтүлүп жаткан натыйжаларга алып келбей турганын көрүүгө болот.

Бүгүнкү күндө аракетте болуп жаткан административдик-аймактык түзүм тутуму бүтүндөй коомдо жана өлкөдө орун алган жаңы рыноктук мамилелерге ылайык келбей калды. Биздин оюбузча, борбордон качыруу – бул ушул куралган абалдан чыгуунун жолу, ал мамлекеттин чөлкөмдүк көйгөйлөргө болгон кызыгуусун жоготууга алып келет.

Биздин көз карашыбызда, аймактарды өнүктүрүү мамлекеттин, жергиликтүү бийлик органдарынын, бизнес-чөйрөнүн жана жарадык коомдун биргелешкен аракеттери менен ишке ашырылуусу керек. Бул үчүн ушул жараяндын бардык катышуучулары тарабынан жактырылган максаттык багыттарды иштеп чыгуу зарыл. Бирок, бүгүнкү күндө мындай өз ара кызматташтык негизинен ушул максаттар үчүн иштелип чыгылган документтерде гана калууда, чын-чынында иш жүзүндөгү чыныгы жакындашуу байкалбайт.

Аймактарды өнүктүрүүгө болгон мамлекеттик колдоо артта калгандарына ресурстарды бөлүп берүү жолу менен аймактардын абалын теңдөөгө негизделген. Мындай ыктоо аймактардын өздөрүнүн өнүгүүсүнө болгон кызыкчылыктарын жоготуусуна алып келди. Биздин оюбузча, мындай жагдайдан чыгуунун жолу мамлекеттик башкаруунун деңгээлдеринин арасындагы функцияларды жана ыйгарым укуктарды кайра карап чыгууда турат.

Аймактарды рыноктук экономиканын учурдагы талаптарын эске алуу менен өнүктүрүүнү тескөө боюнча укуктук-ченемдик базаны өркүндөтүү да зарыл. Аймактардын өнүгүүнө тоскоолдук кылып жаткан көйгөйлөр спецификалуу чөлкөмдүк ченемдерге ээ, ал эми бул жергиликтүү деңгээлдеги тиешелүү чечимдерди талап кылат.

**Адабияттар:**


1. Кыргызская Республика: Формирование конкурентоспособной производственной базы в целях обеспечения стабильного всестороннего роста. Доклад ООН по промышленному развитию. 2017г. https://www.unido.org/sites/default/files/files/2018-12/Diagnostic_Report_PCP_ Kyrgyzstan_RU.pdf
2. Концепция региональной политики Кыргызской Республики на период 2018-2022 годов, утвержденная Постановлением Правительства Кыргызской Республики от 31 марта 2017 года за №194.
3. Дегтярева И. Подходы и инструменты стимулирования экономического развития регионов государства в условиях усиления внешних воздействий и неопределенности. Институт государственного управления и политики. 2015. https://www.ucentralasia. org/Content/ downloads/UCA-IPPA-OP-3-Rus.pdf
4. Кыргызстан сандарда. Аймактар. Статистикалык жыйнак. 2019 г.
5. Капарова Г.Т. Особенности развития промышленности регионов в Кыргызской Республике и источники её финансирования. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 11. С. 136-140.